**Самиев Маматибраим Самиевич**

***«Ыйман, адеп жана маданият»***
***жылына арналат***

# ЫЙМАН ЫРЫН ЫРДАЙЛЫ

Ош - 2017

УДК 821.51
ББК 84Ки7-5
С 17

Самиев Маматибраим Самиевич
С 17 Ыйман ырын ырдайлы. Ыйман, адеп, маданият жана арноолор. Ош -2017; 84 бет

ISBN 978-9967-28-439-5

Тарыхка кайрылсак кыргыз эли байыртадан эле сөз багып, сөз уга билген жана сыйлаган улуу эл.

Алмустактан бери өсүп-өнүгүп өзүнүн бактысына бүткөн эне тилин, үрп-адатын, каада-салтын, жалпы эле коомго болгон мамилесин сөз берметтери менен ыр түрүндө берүүнү салт катары көрүп кыргыздын калыптанышын жана өнүгүп келе жаткан дин, дүйнө таанымына, макал-лакаптарына таянып, ыргактуу ыр менен окурмандарга жеткирүүнү туура көрдүм.

Урматтуу окурман, бул китепти окусаңыз кээ бир көйгөйлүү суроолоруңузга жооп табышыңыз мүмкүн.

Китеп жалпы эле китеп сүйүүчүлөргө арналат. Өзгөчө жаштар үчүн пайдалуу деген үмүттөмүн. Автор.

***Ыр жыйнак Ош шаарынын мэри А.Т.Кадырбаевдин демилгеси менен даярдалды жана басылды***

С4702300200-17 УДК 821.51
ББК 84Ки7-5
ISBN 978-9967-28-439-5
© Самиев М.С -2017-ж

## БАШКЫ СӨЗ ОРДУНА

Кээде таланттуу инсандарды мезгил ыргагы, агымы аруу дилден чыгуучу асыл сөздөрдүн улуу майданына чакыргансып, эргүү тартуулап коёт. Биз бүгүн сиздерге кош колдоп сунуп олтурган таланттуу калемгер, КРнын маданиятынын мыкты кызматкери, ажы М.Самиевдин жаңы китеби ушул оюбузду бекем бышыктайт деген ишенимдебиз. Анткени бул китептин өзөгү-кызыл сызыгы болуп адам-пенденин жашоо турмушундагы улуу Жараткан ыроологон аздек сезим башаты-ыйман, адеп, жеке инсандык маданият туурасындагы эргүү саптары жалпыга кызмат кылаарына бекем ишенип олтурабыз.

Салтка айлангандай түпкүлүктүү тематиканы алган ар бир ырынан шилтемелерди келтире берсек жарашканы турат. Биз бул ирет андай талдоо жана кабылдоо милдетин азиз окурмандардын өзүнө калтыралы деп чечтик. Буга себеп ар бир түрмөгүндө автордун аруу дилден адеп менен ыйманга, жашоо турмуштагы жакшылыктарга үндөгөн дил кайрыгы өзүнөн-өзү жаңырып, нарк-насилдин бийик серелерине чакырып тургандыгы даана байкалып, жан дүйнөгө ырахат тартуулайт. Демек, жыл аталышына шайкеш бул чыгарма-топтом өз окурмандарын таап, руханий ааламдын бийик серелерин кайра-кайра сиздерге жакындатат деген зор ишенимди дагы бир жолу баса белгилегибиз келет.

Ал эми эргүү үстүндө тынымсыз жаңы чыгармаларды жаратып жаткан кудуреттүү калемдешибиз, ажы М. Самиевге адабият айдыңындагы албан-албан ийгиликтерди каалап коюу биздин асыл парзыбыз деп билели! Калган сөз кудуретине болгон баа жана айкын мамиле сиздерден болсун кадырман окурмандар жана мекендештер?!

***Турабай Жороев***
***Кыргыз Республикасынын улуттук***
***Жазуучулар бирлигинин Ош бөлүмүнүн төрагасы***
***02.08.2017-жыл***

# 1-БЪЛ/М

# ЫЙМАН, АДЕП, МАДАНИЯТ ТУУРАЛУУ Т/Ш/Н/К

## ЫЙМАН

Ыйман жыл быйыл аталып,
Нуска сөз жаздым ыймандан.
Адашып кетсем кокустан,
Ырайым сурайм Кудайдан.

Ыймандын өзү ишеним,
Сыйлоо менен урматтоо.
Жетик жана өзгөрбөс,
Алланы эстен чыгарбоо.

Жан дүйнөң менен тааныгын,
Алланын сен бардыгын.
Окуп Куран, хадисти,
Илимиң менен тааныгын.

Периштеге ишенип,
Аалам сырын окугун.
Байлык алып китептен,
Жүрөккө ыйман толтургун.

Акыйкатты таанып деп,
Жөнөттү бизге пайгамбар.
Периштелер аркылуу,
Ыймандуулук тууралуу.
Айтып турду тажабай.

Акыркы биздин пайгамбар,
Азирети Мухаммад (с.а.в.).
Сүннөтүн бекем туталы,
Шапааты бизге тиет деп.

Кубаныч дайым тартуулайт,
Ыймандуу адам дүйнөгө.

Өзүнө эмне кааласа,
Ошону каалайт бирөөгө.
Колунан да тилинен,
Залал келбейт пендеге.
Окуп илим үйрөнөт,
Кабырга өзү киргенче.

Мухаммедге (с.а.в.) жиберген,
Аллах өзүнүн китебин.
Ыйык Куран китепте,
Алланы  сөзү ишенгин.

Куранды терең окусаң,
Алланы анык тааныйсың.
Арам, адал билесиң,
Куран менен жүрөсүң.

Далили жок ишеним,
Тамчы суудан жаралдың.
Чириген сенин денеңди,
Оңой эле Кудайга,
Жан киргизүү каралдым.

Жаннат менен тозоктун,
Бардыгына ишенгин.
Акырет күн келгенде,
Өмүрүңдүн өтө эле,
Аздыгына ишенгин.

Алла айтканын аткарсаң,
Бейиш болот мекениң.
Баасыз өмүр өткөрсөң,
Тозок сенин жетээриң.

Тагдыр жашоо мыйзамын,
Алла өлчөп жасаган.

Магдырасаң жеңишке,
Эңгирип жалгыз каласың.
Эрктүү, өжөр болсоң сен,
Турмушта ордуң табасың.

Ыймандуу адам адептүү,
Маданият үлгүсү.
Ыймандуу адам көбөйүп,
Болсунчу элдин күзгүсү.

Тарыхты терең талдасаң,
Манасты окуп байкасаң.
Исламды салттай тутунган,
Илгертен кыргыз мусулман.

Замандаш, сени билсин деп,
Ыймандын жолун тактадым.
Ушуну таза аткарсаң,
Мөмөлүү бейиш бактасың.

*«Ош шамы» №7 10.02.2017-жыл*
*Кырк хадис. Бишкек 2017-жыл*
*Түркия динаят жана ОшМУнун теология*
*факультетинин басмалары*

## ЫЙМАН ЫРЫН ЫРДАЙЛЫ

Ыйман, адеп дайым бирге жүрүшөт,
Биргеликте маданият түзүшөт.
Ыйман өзү жакшылыктын башаты,
Дүйнөдөгү илимдердин тазасы.
Эки дүйнө бактылуулук ачкычы,
Адилеттин, тазалыктын баскычы.

Ата баба ыйык көрүп ыйманды,
Кыргыз эли байыртадан мусулман.

Ата-энесии, улууларды урматтап,
Ислам динин салт катары тутушкан.
Кары-жашы, ханы,  бийи биригип,
Аалымдардын  насааттарын  угушкан.

Кыргыз эли бийлери да хандары,
Аманатка кыянаттык кылбаган.
Меймандостук өсүп-өнүп өркүндөп,
Жолоочуну тууганындай  сыйлаган.
Акындар да жазуучулар тынбастан,
Ыйман ырын түнү-күнү ырдаган.

Сабыр кылып тагдырга баш ийгенден,
Ыйман биздин жүрөктөрдө козголот.
Намаз, зекет ажылыкты аткарсаң,
Ислам сенин сырт жагынан коздойт.
Ислам менен ыйманды сен кармансаң,
Аллах сени жамандыктан оздойт.

Кырыз көчү күндөн-күнгө күч алат,
Илимдүүлөр билим менен сугарат.
Ислам динин салт катары тутунган,
Кыргыз эли илгертеден мусулман.
Жаштар келет ыйман, адеп тыңдашып,
Карыларын урматташып, сыйлашып.

***«Ош жаңырыгы» 1-июль, 2017-жыл.***

## АДЕП

Адептин түшүнүгү өтө кенен,
Сен аны акыл менен талдай билсең.
Ыймандын башаты да адеп болот,
Адептүүгө эрте-кечпи бакыт конот.

Адепке кыргыз эли маани берген,
Адамды айбандан ажыраткан адеп деген.
Адамгерчилик, адамдардын кадыр баркын,
Кыргыз элим өлчөгөн адеп менен.

Баланы терметкенде бешигинде,
Ырдаган бешик ырын тилек менен.
«Аллахым, ыйман, адеп бергиниң» деп,
Тилеген өмүрүн бакытын кенен, кенен.

Баласы эстүү өсүп адеп менен,
Дайыма алкыш укса өз элинен.
Ата-эне мүдөөсүнө жеткен болот,
Ошол үйгө таалайдын кушу конот.

Эми окурман, кунт коюп терең оку,
Адептин түркүктөрүн санап берем.
Биринчи-жөнөкөйлүк, жупунулук,
Дайым жүрүү адам деген сапат менен.

Ыпылас, күнөө иштен алыс болгун,
Бой көтөрбөй биринчи салам бергин.
Жетим-жесир, жолоочу, мусапырга,
Муктаждарга аянбай жардам бергин.

Мал-мүлктү садагадан аябагын,
Жүрөгүң тазаланып, күнөөң жуулат.
Адамга дайым жылуу мамиле кыл,
Сен тууралуу аларда жакшы ой туулат.

Адамдарды жакшы ишке үндө,
Зыяндуудан тыйып койгун.
Адашып барчу жерин таппай жүрсө,
Жол көрсөтүп кеч болсо,
Үйдө мейман кылып койгун.

Чириген сөздөрдү сен сүйлөбөгүн,
Пайдасыз иштерден тыйып койгун.
Эгер бирөө сага жагымсыз сөз сүйлөсө,
Сен ага жөн эле сабыр кылып койгун.

Адептин тайкылыгы,
Ыйманыңдын алсыздыгы.
Жаа бою качкын жамандан,
Чынчыл менен бирге бол.

Уяттуу адам ыймандуу,
Эсиңе бекем түйүп кой.
Коңшуга зыян келтирсең,
Ыймандан сенин чыкканың.

Маанилүү сөз сүйлөсөң,
Жеткире сүйлө баарына.
Пайдасы жок сөз болсо,
Сүйлөбөй отур тек гана.

Бирөөнү эч бир сөкпөгүн,
Абийирин да төкпөгүн.
Мал-мүлкүн тартып албагын,
Аброюңду сактагын.

Ак жерден уруп өлтүрүп,
Тозокко куру түшпөгүн,
Намазды оку убакты,
Кийинкини күтпөгүн.

Жакшы кулк мүнөз тутсаң сен,
Күнөөлөрүң жок болот.
Жаман мүнөз кармасаң,
Акыретиң тозок менен от болот.

## УБАДА

Убада берсең аткаргын,
Айткан сөздөн кайтпагын.
Жалган сүйлөп алдаба,
Аманат сөздү кармагын.

Кыянат жол тандаба,
Убадага турбасаң,
Кыянат иш кыласың.
Эки жүздүү болосуң,
Тозокто отко тоёсуң.

Убада айткан сөзүңдү,
Келишимди бузбагын.
Талашып кокус тартышсаң,
Чектен эч бир чыкпагын.

Чакырган жерге бат баргын,
Убагында так баргын.
Бул урматтоонун белгиси,
Эсиңе бекем сактагын.

Убадага турбасаң,
Келишимди бузасың.
Акыретке келгенде,
Бузуку болуп турасың.

Убадага бек болсоң
Аброюң өскөнү.
Убадага жок болсоң,
Өз сөзүңдүн өлгөнү.

# КЕЛИШИМ

Адамзаттын белинен,
Урпактарын чыгарып.
Ал муздактан бери эле,
Эгемдигин тактаган.

Келишим түзүп ушундай,
Бузбаса аны пендеси,
Аллах берген убадасын аткарган.
Балээ түшсө башына,
Аллахтан сурап кутулт дейт,
Байлыкты мага ыйгарсаң,
Садага кылам элге дейт.

Балээден аны кутултуп,
Байлык берсе аябай,
Тескери басат жүз үйрүп,
Өзү болуп калгандай.

Убаданы бузгандан,
Жалган сүйлөп тургандан,
«Эки жүздүүлүк» ооруну.
Белекке алды Кудайдан.

Ички сырын дүйнөсүн,
Күбүр-шыбыр сөздөрүн,
Дайым билип туруусун,
Унутуп калды Аллахтын.

Аллахтын берген бактына,
Дайыма шүгүр кылгының.
Убаданы урматта,
Келишимди бузбагын.

Аял алсаң никеле,
Милдетиңди аткаргын.
Махрды берип сүйүнтүп,
Аялды эч бир какпагын.

Эгерде махр бербесең,
Убаданы бузасың.
Ниетиң болсо алдоого,
Ойнош кылып аялды.
Өзүң тозокко барып тынасың.

Карыз алып атайлап,
Бербей койсоң ээсине.
Өтүп кетсең күнөөсүн,
Өз мойнуңа аласың.

## ЖАКШЫ КУЛК МҮНӨЗ

Адамдын көркү адепте.
Кулк мүнөзү жакшыны.
Ыйманы толук деп коёт,
Акыретке барганда.
Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.),
Алар менен бир болот.

Кыямат күнү келгенде,
Таразага коюлат аткарылган иштериң.
Таразаны басат дейт сенин жакшы мүнөзүң,
Намазкан менен орозо кармагандарга тең жүрөсүн.

Ошентип акыретте замандаш,
Мартабалуу орунга,
Татыктуу болгун бир өзүң.
Жаман болсо мүнөзүң,
Тозокто отто күйөсүң.

Сыймыгың сенин диниңдир,
Кайратың сенин акылда.
Баркың сенин мүнөздө,
Көңүлүңдү тынч кылсаң,
Тынчтык болот жүрөктө.
Жумшак болсо мүнөзүң,
Ооматың күндө көрөсүң.
Оройлук кылсаң эгерде,
Күнөөң үчүн төлөйсүң.

## ЖАКШЫ СЫПАТ

Мээримдүү болгон адамга,
Аллахым берет аянбай.
Акмак, мерез болсоң сен,
Оңолгун күндү санабай.

Үй жумушун каралаш,
Жылмайып сүйлө баарына.
Жылуу маанай, жакшы сөз,
Мухаммед (с.а.в.) пайгамбардын үлгүсү.
Өрнөк болсун жашыңа да карыңа.

Берешен бол жашоодо,
Бакылдык эч бир кылбагын.
Акыйкатты ачык айт,
Эмгектенгин, тынбагын.

Улууга да кичүүгө,
Кедей менен байына.
Мамиле бирдей жасагын,
Салам айткын дайыма.

Сенде бар буюм сураса,
Зарыктырбай бергиниң.

Жылуу  маанай жакшы сөз,
Бактылуу кылат билгиниң.

Ким чакырса жардамга,
Шылтоосуз дароо баргыныӊ.
Суранганын аткарып,
Ыраазычылыгын алгыныӊ.

Өтүп кеткен адамдын,
Жакшылыгын унутпа.
Жакшы иштерин сөз кылып,
Акыретиӊ дуруста.

Оозунуп салам айткыныӊ,
Мейманга эч бир аянба.
Жолоочу келсе үйүңө,
Тамак-ашыӊ даярда.

Мусапырды жакшы күт,
Жетим-жесир тойгузгун.
Көңүлдөрүн куш кылып,
Жылмайып күлүп койгунуӊ.

Каткырып эч бир күлбөгүн,
Үнүңдү бийик көтөрбө.
Түшүнбөсө сөзүңдү,
Кайталап айткын өзүнө.

Тазалыкты сүйгүнүӊ,
Даарат менен жүргүнүӊ.
Жыпар жыттан себинип,
Болбосун эч бир кемтигиӊ.

## КАЛП

Аталар айткан улуу сөз,
«Калп казаны кайнабайт».
Калпычы күмөн шек санап,
Акыры элден айдалат.

Напсиңди тыйгының,
Ыйман менен жүргүнүң.
Жалган сүйлөп койсоң сен,
Тообону тез кылгының.

Кыргызда сонун макал бар,
«Калпычы эч бир жарыбайт.
Кайырчы эч бир байыбайт,
Калп казаны кайнабайт,
Бакылдын малы жайнабайт».

Тамаша айтсаң чындыкты айт,
Элдер күлүп тыңдасын.
Болсо  толук ыйманың,
Бейиште ойноп  жыргайсың.

Жалган айтып күлдүрсөң,
Азапка башың тыгылар.
Элдин сөзүн билип ал,
«Жалгандын жолу миң болот,
Чындыктын жолу бир болот».

Мактасаң адам өзгөрөт,
Кемчилигин байкабайт.
Ошондуктанг пайгамбар Мухаммед (с.а.в.),
Бир Аллахтан башканы,
Даңазалап даңктабайт.

Берекелүү соодада,
Айыбын ачык айтышат.

Берекесиз соодада,
Өздөрүн алдап кайтышат.

Алдап соода кылсаңар,
Акыретте насип жок.
Кыяматта Алла карабайт,
Жан ооруткан азап бар,
Күнөөсү анын тазарбайт.

Жаш кезинен баланы,
Жалган айтып алдаба.
Айткан нерсең таап бер,
Болбосо сен баланы,
Үйрөтөсүң жалганга.

Жалган айтып сүйлөсөң,
Зыяны тиет бирөөгө.
Ошентип сен батасың,
Эки  дүйнө күнөөгө.

Жалгандын эң жаманы,
Куран менен хадисти.
Оюнан токуп айтуусу,
Аларга жакын барбагын.
Араңарга от жагат алар,
Тозоктун орун алчуусу.

«Күнөөсү толук жуулбай,
Бейишке кирбейт»-деп айткан.
Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.),
«Жалганды айткан жетекчи.
Бузулуп жүргөн карыя,
Текебер болгон томаяк».

Адилетсиз иш кылба,
Өз пайдаңы ойлобо.

Ишенимге кирип бирөөнүн,
Сезим менен ойнобо.

Туура сөздү сүйлөгүн,
Бай-кедейге карабай.
Адилетсиз сөз айтсаң,
Кудай сени жазалайт.

Аллага шерик келтирбе,
Ата-энени сыйлагын.
Бирөөнү бекер өлтүрүп,
Каргышына  калбагын,
Өтө оор күнөөгө,
Өзүңдү өзүң салбагын.

## ЧЫНЧЫЛДЫК

Чынчыл болсоң дайыма,
Жакшылыкка жетелейт.
Акыретке барганда,
Бейишти алар мекендейт.

Жалаң чындык сүйлөсөң,
Ишиң дайым оңолот.
Күнөөлөрүң жок болуп,
Балдарың таза торолот.

Чындыкты айтсаң жүрөктөн,
Зыяндуудай көрүнөт.
Сен күтпөгөн ийгилик,
Эртеби-кечпи төгүлөт.

Алладан силер корккула,
Чындыкты гана айткыла.
Ошондо күнөөң жок болот,
Жалгандан дайым кайткыла.

# АМАНАТ

Сактасаң сен аманат,
Эки дүйнө сага ак.
Сактабай койсоң аманат,
Залалы тиет сага бат.

Адамдын баары жоопкер,
Кылган ишке суралат.
Аманатка кылса кыянат,
Бейиштен ал кур калат.

Аманатка бек болсоң,
Ыйманыңдын бардыгы.
Аманатка жок болсоң ,
Эки дүйнө тардыгы.

Келишимге бар болсоң,
Аброюң көкөлөйт.
Келишимге жок болсоң,
Ишиң жүрбөй токтолот.

Бул дүйнөнүн түйшүгүн,
Ачарчылык деп коет.
Кыянат кылсаң бирөөгө,
Сообуңду жеп коет.

Жетекчи болсоң ишиңди,
Кыянат кылбай так аткар.
Кыямат күнү келгенде,
Сага жакшы таң атаар.

Башчыларды тандасаң,
Ишине карап тандагын.
Тура эмес тандап башчыны,
Кыянат кылып албагын.

Аманатка кыянат,
Алып келет кыямат.
Ошондуктан башчыны,
Тандоо керек кылаалап.

Пайдаланып кызматтан,
Кымтып алсаң элиңден.
«Кыямат күн келгенде,
Жонуң аны көтөрүп,
Төөдөй боздоп келесиң.
Уйду ийниңе көтөрүп,
Уйдай мөөрөп келесиң.
Кой кучактап айласыз,
Койдой маарап келесиң».

Ишенип сага сыр айтса,
Башкага аны айтпагын.
Себеби ал аманат,
Ичиңде бекем сактагын.

Аялың менен жакындык,
Төшөк сырын сактагын.
Кыяматта жооп бар,
Эч бир жанга айтпагын.

Бирөө мүлкүн берсе аманат,
Сары майдай сактагын.
Өз ээсине тапшырып,
Ишеничти актагын.

Кыяматтын белгиси,
Аманатты сактоого.
Адам таппай каласың,
Аманатка бек болсоң,
Бейиштин жолун табасың.

Келишим түзсөң так болгун,
Убада берсең бек болгун.
Ушул шартты ким бузса,
Шайтандын досу деп койгун.

## КАРЫЗ

Карыз алсаң бирөөдөн,
Ниет кылгын  бергенге.
Аллахым берет жардамын,
Максат кылсаң бербешти,
Береке бербейт Аллахым.
Билип койгун замандаш,
Шейит болуп кетсең да.
Күнөөлөрүң калаарын.

Карыз алсаң бирөөдөн,
Тездик менен кутулгун.
Аманат жан чыгарын,
Дайым эстен тутунгун.

Карыз коолаң бардыгын,
Жазып койгун тирүүңдө.
Аласа-бересең узатаарда,
Жар салынат үйүңдө.

Карызды алсаң, берсең да,
Аллахым айткан жазгын деп.
Ошондо болбойт ортодо,
Талашуу менен каршы кеп.

## НИЕТ

Ниетиң менен ыклас,
Ыйманыңдын негизи,
Ислам динин бек тутсаң,
Бактылуулуктун жемиши.

Бактылуулук кааласаң,
Жакшы иштерди аткаргын.
Шерик кылбай Аллахка,
Бир Аллахты даңктагын.

Иш аракет жасасаң,
Ниетиңди туурула.
Ниетиңе жетесиң,
Колдоп сени бир Алла.

Аллага сен ишенсең,
Ыкылас менен иштейсиң,
Ишиңде болбойт эч айып,
Каалагандар текшерсин.
Ниетиң калыс ак болот,
Жүрөгүң күндө тазарат,
Окуган намаз зекетиң,
Бейишке сени алып барат.

## САДАГА

Садага кылгын жүрөктөн,
Эл көрсүнгө кылбагын.
Колкоо кылсаң аныңы,
Сообу жок калганың.

Садагадан айтсам кеп,
Сени билип алсын деп,
Жакшы сөз айтып жылмайып,
Сүйлөп койсо садага.

Тамак берсең жарыңа,
Бул да болот садага,
Ошондой эле кызматчы,
Өзүңө да балаңа.
Чын ниеттен кылсаң кызматты,
Бул да болот садага.

Көчөт менен эгинди,
Жакшы карап өстүрсөң,
Адам айбан жесе да,
Бул да болот садага.

Сен жасаган буюмдан
Пайдаланса башкалар,
Бул да  болот садага.
Ошондуктан ойлонбой,
Ниетиңди ак кылып,
Акыретте бейишке,
Кирүүгө сен өзүңдү даярда.

## ТИЛ

Тил дегендин сөөгү жок,
Каалаган жакка бурулат.
Келжиреп сүйлөй бергендер,
Эки дүйнө утулат.

Тилиңе дайым сак болгун,
Сөз айтаарда ойлонгун.
Убактыңды кетирип,
Пайдасыз сөз айтпагын.
Сооп болот өзүңө,
Тилди тишке катканың.

Сөз оозуңдан чыкканча,
Сенсиң ага кожоюн.

Айтылган сөзгө уккандар,
Билгизе алат өз оюн.

Керексиз сөзгө кошулбоо,
Ийгиликтин башаты,
Кемибей турган буюмду,
Бере коюу сураса,
Мусулмандын адаты.

Тилиң менен бутуңдун,
Ортосунда мүчөсүн,
Күнөөдөн аруу сактагын,
Ушул убаданы аткарсаң.
Акыретке барганда,
Бейиштин даамын татканың,

Бутуңдан эгер жаңылсаң,
Кайра туруп басасың.
Тилиңден сен жаңылсаң,
Оңоло албай каласың.

## МЭЭРИМДҮҮЛҮК

Жек көрүп сен бирөөнү,
Шайтанга кул болбогун.
Андан көрө достошуп,
Мамилеңди оңдогун.

Ата-эне, тууган урукту,
Эстеп жүргүн дайыма.
Бечара жетим-жесирден,
Жакшы сөздү аянба.
Колуңда болсо бергиниң,
Зекет менен садага.

Жакшы сөздү сүйлөгүн,
Жаман сөздү колдонбо.
Достугуңду бекемде,
Душманды да кордобо.

Буюм берсең бирөөгө,
Жагамын деп ойлобо.
Жарык маанай, жылуу сөз ,
Мүнөздү жүргүн колдоно.

Жакшы иш кылсаң бирөөгө,
Заар сөзүң айтпагын.
Эстей жүргүн унутпай,
«Салынуу кашык кайтаарын».

Салам айткын биринчи,
Ачкаларды тойгузгун.
Талашып калсаң кокустан,
Жакшылык менен койгузгун.

Наадандар сени сөксө да,
Кичи пейил болгунуң.
Сабыр кылып сөзүнө,
Тынчтык каалап койгунуң.

Талаш-тартыш болгондо,
Жалган сөз айтса көгөрүп.
Туура сүйлөп жатсаң да,
Талашпагын көшөрүп.

Ыймандуулар талашпайт,
Эсиңден аны чыгарба.
Талашууну таштабай,
Күнөөгө батып кыйналба.

Бирөөнү сен шылдыңдап,
Күнөөгө өзүң батпагын.

Андай иштен баш тартсаң,
Анда азап-тозоктон качканың.

Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в.),
Насаат кылып сөз айткан.
«Отуруудан жолдордо,
Сак болгула»-деп айткан.

Өзгөчө көздү сактагын,
Зынаага бекер батпагын.
Өткөнгө тоскоол болбогун,
Кыяматты ойлогун.

Жакшылыкка чакырып,
Салам алик алгыла.
Жамандыктан тыйгыла,
Сооптуу ишти кылгыла.

Жүрөгүңдү таза тут,
Кара өзгөйлүк кылбагын.
Көрө албастык жек көрүү,
Сенин болот душманың.

Терсаяктык кек сактоо,
Өзүңө душман болгонуң.
Ичи тардык, текебер,
Шайтанга жол койгонуң.

Кайгырса бирөө кайгыргын,
Кубанса бирөө кубангын.
Бул сүннөт бизге калган,
Мухаммед (с.а.в.) пайгамбардан.

Таза жүргөн чынчылды,
Аллах колдойт дайыма.
Кадыр барк менен абройду,
Жазып коет багыңа.

Эркиң жетсе таарынба,
Үч күн өтпөй жарашкын.
Аткарбасаң муну сен,
Адал болбой каласың.

Биринчи айтып саламды,
Жарашсаңар экөөңөр.
Соопту бирдей аласың,
Саламын албай койсоң сен,
Күнөөгө батып каласың.

Кечиримди сураса,
Айыбын алып мойнуна,
Дароо аны кечиргин,
Аллахтын калып сообуна.
Кечирбей койсоң сен аны,
Күнөөнүн баары жүктөлөт,
Бир өзүңүн мойнуңа.

Адамдардын жаманы,
Өзгө адамды жек көрөт.
Жыгылсаң жөлөп-таябайт,
Өлгөнүңө карабайт.

Мойнуна албайт айыбын,
Кечирим да сурабайт.
Тынчтык бербейт бирөөгө,
Жакшылык да каалабайт.
Адамдар аны сезишет,
Үмүт кылбай келишет.

## СҮТКОР

Адамдардын жүрөктө,
Сүткөр деген оору бар,
Бирөөгө жалаа жабышат,
Кылбаган ишти кылды деп.
Байлыгын тартып алышат.

Укуктарын тебелеп,
Абийирин ачып салышат.
Билсе да арам экенин,
Адалдашып алышат.

Жүрөгү анын булганыч,
Жалааны дароо жабышат.
Акыретте тозокто,
Камалышып калышат.

## УШАК

Кулак алдайт  кеп укса,
Ошондон  ушак жаралат.
Көз менен көрсөң акыйкат,
Чындыкты дароо дааналайт.

Пендеде бар айыпты,
Айтып коюу бул ушак,
Жок айыпты сен айтсаң,
Доомат кылган болосуң.

Жалаа жаап бирөөгө,
Акыретке барганда,
Өзүңө бейиштин,
Жолун торойсуң.

## АДАМ БОЛУУ АСТА-АСТА

Адам болуу күн сайын,
Өтө кыйын адамга,
Айыбыңды азайтып,
Жүрөгүңдү тазала.

Имам  болсоң эл сүйсүн,
Ибадат кылып Аллага,
Тууган менен катташкын,
Эч качан эстен чыгарба.

Жүрөгү таза пендеге,
Эки дүйнө кадыр барк,
Акыретке барганда,
Аллах бейишти берет кадырлап.

Ачууң келип турса да,
Эч кимге каргыш айтпагын.
Билип койгун, замандаш,
Ага ылайык болбосо,
Каргыш сага кайтаарын.

Күчтүн баары билекте,
Боло бербейт билип ал.
Ачуусу келсе токтоткон,
Чыныгы күчтү үлгү ал.
«Ачуу-душман, акыл-дос»,
Эл айткан сөздү эске сал.

Каргыш айтса мээрим төк,
Пайгамбар (с.а.в.) Мухаммеддин сүннөтү.
Жумшак болуп мүнөзүң,
Жакшылыкка чакыруу.
Адатың болсо күндөгү.

Өч алуу колдон келсе да,
Өчүңдү сен албагын.
Кыямат күнү үр кыз бар,
Каалаганың тандагын.

Заалымдык кылса башкалар,
Кечире бил аларды.
Сага буюм бербесе,
Ага буюм сен берсең,
Даражаң көтөрүлүп калганы.

Муктаж болсо бирөөгө,
Мал мүлкүңдү аяба.
Жоомарт болгун берешен,
Муктажга бер садага.

Ысырапчылык кылсаң сен,
Тууган болдуң шайтанга.
Эрте-кечпи билип ал,
Аллах тартат жазага.

Башына балээ келбеген,
Адам болбойт жашоодо.
Сабырдуу болсоң жеңесин,
Аллах алат колдоого.

Аллахтын бул сыноосу,
Ага чыдап көнгүнүң.
Көнө албасаң сен анда,
Жалганчыдан болгунуң.

Башына мүшкүл түшкөндө,
Кутулууга шашылат.
Сабырды эстен чыгарып,
Ары-бери чачылат.

Күтө билип үйрөнгүн,
«Сабырдын түбү сары алтын».

Чыдамдуу болсоң ар качан,
Узарат сенин канатың.

Кимдин дини бек болсо,
Анда балээ көп болот.
Алсыз болсо диниңер,
Балээ дагы аз болот.

Сабырга Аллах үйрөтүп,
Дан айдатат дыйканга.
Козу, торпок алам деп,
Малчы болот ыраазы,
Малын бир жыл бакканга.
Эне ыраазы баласын,
Тогуз ай курсагына катканга.

Напсиңди тыйгының,
Сабырдуулук кылгының.
Акыйкатты табасың,
Бейишке сен барасың.

Тамакта болот береке,
Алдын кийин кол жуусаң.
Жума күнү зарыл дейт,
Мусулманга жуунган.

Жышып жуусаң манжаңды,
Тазалык болот бул дагы.
Тазалык себеп болот дейт,
Ыйманыңа келишке.
Кийин чогуу кирет дейт,
Сени менен бейишке.

Ар бир тамак жегенде,
Кол, тишиңди жуугунуң.
Зыяны тиет жуубасаң,
Эске бекем тутунгун.

Дайыма таза кийингин,
Короонду таза кармагын.
Көрүнөсүн көркөмдүү,
Береке болот ар дайым.

Жолдо бара жатып сен,
Тоскоолду жолдон алгының.
Бекер жүрбөй жашоодо,
Сооптуу иштеп калгының.
Тоскоол кылсаң жолго сен,
Каргыш тилеп алганың.

Арак, шарап ичпегин,
Тамекини тартпагын.
Зынаадан алыс болгула,
Ден соолукту сактагын.
Спорт менен машыккын,
Ат чабууга ашыккын.

## УЯТТУУЛУК

Ар жорукту жасабай,
Элди көзгө илгиниң.
Үйдө коомдук жайларда,
Уяттуураак жүргүнүң.

Уяттан сен айрылсаң,
Күнөөгө кадам таштайсың.
Ыйманыңдан ажырап,
Шоруң куруй баштайсың.

Жек көрүмдүү болосуң,
Көрүнгөн жерге коносуң.
Аманаттан ажырап,
Кыянатчыл болосуң.

Ырайымдан кол жууп,
Каргыштын ээси болосуң.

Илимдүүнү ээрчигин,
Кадырлуудан уялгын.
Өлүмдү дайым эстегин,
Дене мүчө сактагын,
Күнөөгө бөөдө батпагын.

Уят сыйыт эч качан,
Алып келбейт жамандык.
Аллах көрүп турат деп,
Уяттууну даңазалап, даңктагын.

## ЫНТЫМАКТУУЛУК

Бири-бириң менен урушпай,
Ынтымактуу болгула.
Акыреттик дос болуп,
Чыр-чатакты койгула.

Аллах бизди жаратты,
Эркек-аял аралаш.
Улут-урууга бөлдү, максаты,
Таанышып бири-бириңе каралаш.

Бири-бириң менен  урушуп,
Талашкын деп айтпады.
Бирок шайтан аралап,
Адамды туура жолдон кайтарды.

Бирин-бири жек көрдү,
Бирин-бири өлтүрдү.
Эркек аял урушту,
Улут, уруу согушту.
Аллах, Пайгамбарды (с.а.в.)  жөнөттү,

«Токтотсун»-деп бул ишти.
Пайгамбар (с.а.в.) ынтымакка чакырды,
Бир тууган кылып диндешти.
Тилектеш болуп мусулман,
Бир боорундай издешти.

Бирин-бири сүйөштү,
Бирин-бири тирешти.
Бирин-бири колдошуп,
Бейиштин жолун эңсешти.

## ЖАКШЫЛЫК

Жакшылыкты Аллахым,
Бүткүл элдин үстүнө.
Түшүрүп турат жаадырып,
Кайдыгер болсоң жашоодо,
Жакшылыктын бардыгын,
Коёсун сен алдырып.

Жакшылык кылып адамга,
Пара алгандан сактангын.
Парасын алып койсоң сен,
Чоң күнөөгө батканың.

Жаман күмөн бирөөдөн,
Эч качан санабагын.
Бири-бириңди аңдышып,
Кемчилик издеп карабагын.

Жек көрүү көрө албастык,
Башкага жаман санабагын.
Бирөөнү кемсинтип,
Өзүңү жогору санабагын.

## ЭЛ МЕНЕН БОЛ

Тамашалап коркутсаң бычак такап,
Периштелер сен бычакты алгыча каргыш айтат.
Эгер сен шылдыңдасаң бирөөнүн кемчилигин,
Ошол кемчилик балаңа же неберeңе сөзсүз кайтат.

Жалгыз жүрбөй элге аралаш ар дайым,
«Жалгыз дарак бак болбойт» деген сөздү талдагын.
Эл менен бирге болуп, мамиле түз,
Ошондо сен туура жолду тандадың.

## ДОС

Ким дос болсо Аллах үчүн акыреттик,
Ага Алланын махабаты милдет болот.
Достор да бир-бирине окшошуп,
Акыретте бейиште бирге болот.

Эгерде байлык, бийлик, башка үчүн дос болушса,
Андай дос шайтандан да тез азгырат.
Курандан, зикирлерден адаштырып,
Эки дүйнө арман менен калтырат.

Дос-тууганга дайыма белек бергин,
Жумшарат алардын жүрөктөрү.
Болгула дайым жакшы мамиледе,
Кубангандан билинбейт күн өткөнү.

Намыстуу бол данышман,
Баркың эч бир түшпөсүн.
Душманың болуп сага дос,
Сенден колун үзбөсүн.

Кыяматтык дос болгун,
Аллах үчүн достошкун.
Муктаж болсо досуңар,
Каражат бер өзүнө.

Моралдык жактан колдогун,
Чыкпаса иш оңунан.
Аянбагын эч качан,
Акча, буюм досуңдан.

Дос жөнүндө ар качан,
Жаман сөздөн сактангын.
Ар адамда айып бар,
Эсиңде бекем сактагын.

Бири-бириңдин сырыңды,
Бирөөгө эч бир айтпагын.
Кыйын учур болсо да,
Досуңду сен сатпагын.

Ыймандуу менен дос болуп,
Адепти катуу сактагын.
Этият кыл досуңду,
Эстегин жакшы жактарын.
Азырынча силерге,
Ушул мен айтаарым.

## ТЕКЕБЕРЛИК

Суранам замандашым, бир тууганым,
Болсо эгер жүрөгүңдө текеберлик.
Билип ал кыяматта акыретте,
Бейиштин эшиги сага бекик.

Башкалардан өзүңдү өйдө сезип, же
Кордосоң өзүңдү өзүң бирөөдөн үмүт кылып.

Анын да ырыскысын, өмүрүн Аллах берет,
Эскертем сен пендени коёсуң Аллахтан улук кылып.

Бүт өмүрүң жашооң дагы,
Колунда бир Аллахтын.
Ошондуктан бой көтөрбө,
Менин бир боор кандашым.

## ЭМГЕК

Ырыскыңды аз деп сен эсептебе,
Ырыскыңды адалдан талап кылгын.
Ырыскың түгөнбөстөн сен өлбөйсүн,
Сооп издеп эмгек менен канаттангын.

Кыргызда илгертеден улуу сөз бар,
«Бекер жүрбөй бекерден иште»-деген.
Себеби элим айтса калп айтпайт го,
Аллахым берекесин эрте-кечпи берген.

## МЭЭРИМ

Жүрөгүң катуу болсо мээримиң жок,
Ойлонбой жасайсын сен бузукулук.
Мээримдүүлүк жалпыга бирдей болуу керек,
Болбосо мээримдүүлүк болбойт толук.

Кааласаң мээрим сага төгүлүшүн,
Жүрөгүңдү жумшартууга аракеттен.
Жетим-жесир, жакырды колдой жүргүн,
Кур калбайсың мээрим менен берекеден.

Мээрим деген бул улуу сезим,
Көздөн жаш, жүрөктөн муң чыгарат.

Хадисте мышыкты ачка өлтүргөндөр,
Татыктуу тозокко өзү барат.
Ал эми чокоюнан итке суу бергендин,
Аллахым күнөөлөрүн кечип салат.

## ИЛИМ-БИЛИМ

Билим ал, милдет болгон бул Аллахтан,
Болбосо адам болуу сага кайдан.
Билген соң дин илимин терең-терең,
Дүйнө илимине жол ачылат өтө кенен.

Илимдүү болсоң замандаш,
Арам адал билесиң.
Билимиң сага жолдошуң,
Жокчулукта колдоочуң.
Зериккенде маектеш,
Согушуп калсаң куралың.
Тынчтыкта сага акыл-эс.

Башкаларга окутсаң,
Болот сага садага.
Сенин даражаңды көтөрөт,
Атагың чыгып ааламга.
Бейишке сен киресиң,
Акыретке барганда.

Билим алсаң талыкпай.
Жүрөгүң сенин ойгонот,
Жол таппай калсаң түндөсү,
Жол көрсөткөн нур болот.

Билим алсаң Алла үчүн,
Пайдасы элге тийсин деп.
Акылың өсөт күнү-түн,

Башка ниетти алсаң сен.
Башыңа түшөт кара түн,

Башка элге барып окусаң,
Өзүңө өтө сак болгун.
Жаман жагын үйрөнүп,
Элиңе уят болбогун.

Таза ниет түз болгун,
Ыкылас менен окугун.
Эл журтка тийсин пайдасы,
Акылыңды толтургун.

## КҮНӨӨ-СООП

Күнөө ишти кылбагын,
Жүрөгүңдү кирдетпе.
Сооп ишти көп кылып,
Жакшылыкка керекте.

Кокустан чеки иш кылсаң,
Жакшылык ишти тез жаса.
Жамандык кылган ишиңди,
Жууп таштайт бир паста.

Напсиңди дайым тыйгыныӊ,
Эсеп-кысап кылгыныӊ.
Күнөөдөн сен сактангын,
Кокустан күнөө иш кылсаң.
Тообо кылып акталгын.

Ой келген жерге ыргытып,
Таштандыны таштаба.
Чөйрөнү сен булгабай,
Жүргүн тазалыкты сактана.

Ата-энеңди сүйгүнүң,
Жагымдуу сүйлөп жүргүнүң.
«Уфф» деп эч бир үшкүрбө,
Эсиңе бекем түйгүнүң.

Карыган кезде баккыныӊ,
Алып калгын соопту.
Орой сөз эч бир айтпагын,
Болосуң акыретте жоопту.

Тууғандан кол үзбөгүн,
Чечкин муктаждыктарын.
Жардам берсең аянбай,
Аллах көрүп турат баарын.

Балалуу болсоң сүйүнүп,
Жакшы атты койдургун.
Кыз бала үчүн бир койду,
Уулду болсоң эки кой,
Жээнтек тойго (акыйкага) сойдургун.

Балага мээрим төккүлө,
Алладан дайым корккула.
Тарбия берип ыймандуу,
Адилеттүү болгула.

Шарият «Куран» илимин,
Жаш кезинен үйрөткүн.
Ата салтын, адепти,
Айтып тургун күнү-түн.

Баланын берген суроосун,
Жоопсуз эч бир калтырба.
Ошондо кайтат мээнетиң,
Ыймандуу бала калып артыңда.

«Аял жакшы эр жакшы»,
Деген сөз бар кыргызда.
Жакшы аял сактайт аброюн,
Ага кошуп мал мүлкүн.
Жарына кызмат кылып күнү-түн.

Эркек болот жоопкер,
Үй-бүлө багып кароого.
Аялы дайым жоопкер,
Мал мүлкүнө, короого.

Күйөөсү каалап аялын,
Төшөккө тартса баргыла.
Эгер барбай койсоңор,
Агарып таң атканча,
Периште айтат каргаша.

Абалыңа жараша,
Турак жай салып алгының.
Балдарың ачка калтырбай,
Кийиндирип салгының.

Аялга көңүл бургунуң,
Жакшы мамиледе жүргүнүң.
Ортодогу сырыңды,
Бирөөгө айтчу болбогун.
Айыптарын жашырып,
Жакшы жагын колдогун.

Тарбия берип балага,
Алланын жолун жолдогун.
Унутпагын эч качан,
Тууранын Алла колдоорун.

## ТУУГАН

Тууганың менен катташсаң,
Ырыскың сенин мол болот.
Туугандан үзсөң мамиле,
Тозоку менен тең болот.

Ооруп калса тууганың,
Кабар алгын тезинен.
Ал абалын сурагын,
Ооруп жаткан жеринен.

Муктаждык болсо жардам бер,
Дүнүйөңдү аяба.
Бирөө бербейт тууганын,
Бергениңди санаба.

Кыргыз айтат насаат кеп,
Уйдун мурдун кеспейт деп.
Мурду сасык экен деп,
Жакыр болсо тууганың,
Сооп иш болот замандаш.
Аны көтөрмөлөп турганың.

## КОШУНА

Кошуна менен жакшы бол,
Зыяның ага тийбесин.
Алыстагы туугандан,
Жакын турган кошуна,
Күйүмдүү болот билесиң.

Кошунаңы урматта,
Жакшылык ага каалагын.
Муктаждыгын чечишип,
Бир тууганд ай карагын.

Жакыр болсо кошунаң,
Тамак-ашка каралаш.
Кийим кече бергиниң,
Сырткы ишине аралаш.

## ЫЙМАНДУУЛАР

Аллах айткан куранда,
«Ыймандуулар- бир тууган».
Оозунуп салам айтышат,
Жолукса эки мусулман.

Ооруп калса бирөөсү,
Кабар алып дуба окуйт.
Чүчкүрсө каалайт жакшылык,
Анысы жооп кайтарат.
Сага да болсун жакшылык.

Ыймандуу адам белгиси,
Чакырса дароо барышат.
Каза болсо бирөөсү,
Жаназага катышат.

Ишенип кеңеш сураса,
Пайдалуу кеңеш беришет.
Залалы тийбей бирөөгө,
Муктажга жардам беришет.

Оң жак колун жазданып,
Оң каптал менен укташат.
Көмкөрөдөн жатышпайт,
Даарат менен укташат.

Колуңду таза жуугун,
Адал менен тамактан.

Чогуу тамак ичкиле,
Мээр түшөт Аллахтан.

Тамакты майда чайнагын,
Анан жуткун шашылбай.
Үчтөн бирин тамак ич,
Үчтөн бири суу болсун.
Ашказанды кыйнабай.

Кийимди таза кийгиниң,
Кооз болсун кийгениң.
Жарашып сенин боюңа,
Билдирсин сенин кимдигиң.

Аял эркек кийимди,
Алмаштырып кийбегин.
Аткарбасаң буйрукту, билип ал,
Пайгамбар Мухаммеддин (с.а.в.).
Каргышы сага тиерин.

Каатчылык учурда,
Бар оокатты жашырсаң.
Каргышка сен каласың,
Жакырлар менен бөлүшсөң,
Чоң соопту аласың.

## ЖЕТЕКЧИ

Жетекчи деген атадай,
Жамаатты коргойт дайыма.
Билген соң анын мүнөзүн,
Жамааты күтөт сагына.

Шамал жок болсо толкун жок,
Деңиз да тынч, көл да тынч.

Жакпай калса Аллахка,
Жетекчинин жумушу,
Жут келтирип элине,
Саратанда кылат кыш.

Баатырды кээде карасаң,
Акылсыздай көрүнөт.
Жеңишти алып келген соң,
Коркок менен шылуундар,
Баатыр болуп бөлүнөт.

Теле менен гезиттин,
Бетин такыр беришпейт.
Душманды биз жеңдик деп,
Көкүрөгүн керишет.

Кээ бир кызык жетекчи,
Сунуш айткын деп сурайт.
Идея айтсаң кызыктуу,
Эми өзүң аткар деп турат.

Бийликти жүргүз адилет,
Уруу-улутка бөлбөгүн.
Жердешчилик кылып сен,
Бир балээни көрбөгүн.

## БАЛА

Балаңа өнөр үйрөткүн,
Кыйналса бышып чыйралат.
Өнөрдү билип алган соң,
Өмүр бою кыйналбайт.

Балаңы таалим алсын деп,
Үйрөткүн аяттарын Курандын.

Максатын ачык айтсын деп,
Тилди берди Кудайым.

Ыймандуу болсо балдары,
Кеңешин угат атанын.
Ыйман, адеп жок болсо,
Издейт эне, атанын катасын.

Балаңа башынан бер тарбия,
Бекер болот түшүнсөң,
Кийин кылган аракет.
Жакшы чөйрө, жакшы коом,
Баланды оңдойт эрте кеч.

Ширин сүйлө дайыма,
Сенин сөзүң уккандар.
Сени  жүрөт сагына.
Заар сүйлөп каксаң сен,
Эч ким барбайт жаныңа.

Баланы тарбиялоо өтө оңой,
Эгерде өзүң бала боло алсаң.
Көздөгөн максатыңа жетесиң го,
Балдар менен дос боло калсаң.

Айып иш кылганын көрсөң дагы,
Эч качан бала айыбын айта көрбө.
Мактасаң, урушпасаң, какпасаң сен,
Ал бала оңолот го күндөн-күнгө.

Баланын келечегин кең ойлогун,
Баккының адал оокат мээнет менен.
Жакшылыкты бир өзүңө тилебестен,
Элге, журтка каалагын өтө кенен.

## АТА-ЭНЕ

Эне эмгеги баа жеткис,
Алдейлеп бизди чоңойткон.
Мээримин төгүп нан жасап,
Кайда жүрсөң жөнөткөн.

Келсең ата жайыңа,
Эне-атаң менен чай ичкин.
Айтып жакшы жактарын,
Ыраазылык  билдиргин.

Ата-эне менен бир тууган,
Маңызы бул дүйнөнүн.
Мээр төгүп аларга,
Ызаттуу сөздөр сүйлөгүн.

## АРДАКТУУ БОЛОМ ДЕСЕҢ

Кыйынчылык болгондо,
Өжөрлүк менен жеңесиң.
Чечкиндүү болуп жашоодо,
Эмгектенсең чарчабай,
Максатыңа жетесиң.

Ардактуу болом десең сен,
Элиңе жардам бергиниң.
Жардамга акы сураба,
Бул сенин болот эрдигиң.

Душманың болсо арада,
Ага эч бир кек санаба.
Душманды сен утасың,
Ал күткөндү жасаба.

Эмгегиң элге сиңген соң,
Элиң сени эскерет.
Кайратың менен иштесең,
Ошол күндөр тез келет.

## КАЙДЫГЕРЛИК

Кагылышпа урушуп,
Кайгыга терең батасың.
Алсыз болуп акыры,
Кайдыгер болуп каласың.

Кайдыгерлик бул оору,
Табуу кыйын дабасын.
Өзүңдү сен жоготуп,
Үй-бүлөсүз каласың.

Улут, уруу баары бир,
Тууганыңды сен ким дейсиң.
Өлкөнүн иши бейкапар,
Өзүңдүн ким экенин билбейсиң.

Кайдыгер деген оорудан,
Азыртан оолак болгула.
Ынтымак болуп дайыма,
Жакшылыкка оогула.

Кайдыгерлик чоң күнөө,
Болоорун дайым ойлогун.
Кайдыгер болбой жашоого,
Үй-бүлөңдү, өз өлкөңдү оңдогун.

## ҮШКҮРҮҮ

Үшкүргөн сайын чөгөсүң,
Акыры барып өлөсүң.
Жакындарың  көрүп үшкүрөт,
Аларды сендей күн күтөт.

Аллага жакпайт үшкүрүк,
Өзгөчө ата-эненин көзүнчө.
Колдон келсе үшкүрбө,
Болсоң да жалгыз өзүңчө.

Андан көрө эмгектен,
Кыйынчылыкка жол тапкын.
Эл менен дайым бирге бол,
Акылман айтса тил алгын.

Ошентсең турмуш оңолот,
Үшкүрүгүң жоголот.
Алланы зикир кылып жүр,
Аксакал сөзүн угуп жүр.

## МАДАНИЯТ

Президентибиз баш болуп,
Быйыл ыйман адеп жылында.
Маданиятты көтөрүп,
Кыргыздын аты кетти кылымга.

Маданиятты көтөрүп,
Акылды элим калчайлы.
Салт, адепти аздектеп,
Ыйманды биз даңктайлы.

# ҮЙ-БҮЛӨ

Үй-бүлөңө бекем бол,
Балдарыңды сүйгүнүң.
Эч нерседен кем кылбай,
Бешенесинен өөп жүргүнүң.

Кыз балаңы үйрөткүн,
Бөтөн жерге конбосун.
Уул балаң эр болсун,
Бирок бөтөн жерден тойбосун.

Катының болсо табышкер,
Мажүрө болуп каласың.
Айлаң жок кир жууп, үй карап,
Катындын тилин аласың.

# 2-БЪЛ/К

# АРНООЛОР, КААЛООЛОР ЖАНА ШИЛТЕМДЕР

## ЛЕНИН АТЫНДАГЫ СЕГИЗ ЖЫЛДЫК МЕКТЕПТИН ДУБАЛ ГЕЗИТИ



*Жакшы окуган окуучуга жанашкын,*
*Жаман окуган окуучуга жардамдашкын.*
*Жеңиш ынтымакта, бирдикте,*
*Ден соолук, физзарядкада, спортто,*
*Эртемененки физзарядкага, линейкага кечикпегин.*



*$7^{а}$нын балдары,*
*Баарынан кыйын озушту.*
*Ракета вымпелин,*
*Классына коюшту.*

*Көңүлдөрү куунак го,*
*Линейкада мактальп.*
*$5^{а}$минди самолет,*
*Мээнеттери актальп.*





*Сабактан эч бир калбады,*
*Экини дагы албады.*
*$8^{б}$нын балдары,*
*Машинаны айдады.*

*Уйкуга начар канышты,*
*Эки, үчтү катар алышты.*
*Машинага жеталбай,*
*Эшекти минип калышты.*





*Сабакка келбей калганы,*
*Экини катар алганы.*
*Уят эле болду го,*
*$5^{б}$нын ташбака минип калганы.*

***Редактор: Шамшиева. А***
***Сүрөттү тарткан: Мамаев. Ж.***
***Ырды жазган: Самиев. М. Март 1967-жыл, Мырзаке айылы.***

## АПАМА

Акылман сөзүңүзгө жалынамын,
Айтчусуз «оку, иште кагылайын».
Мемиреп түбөлүккө уктадыңыз,
Ойготууга күч жетпейт не кылайын.
Мүңкүрөп кайгы басып ыйлабастан,
Сиз сүйгөн эл-жерди мен бел кылайын.

Апаке, көп ооруп сиз кыйналдыңыз,
Билемин сизди апаке, сагынамын.
Биз калдык жалгыз үйдө атам менен,
Көрдүм мен атам куса болуп ыйлаганын.
Мен да көрмөксөнгө салып коюп,
Төшөктө үн чыгарбай ыйлап алдым.

Атамды укта десем кучактап мен,
Атакем уктагансып көзүн жумат.
Кичине суук болуп жамгыр төксө,
Атакем дароо эле ооруп калат.
Чакырып мен молдону алып келсем
Молдоке айыгат деп демин салат.

Сураймын бир Кудайдан жалынамын,
Атамын эч качан оорубасын.
Бир күнү атам айтты түш көрдүм деп,
Апакең алып кетти телпегимди.
Өзүмчө мен сүйүнүп түш жорудум,
Атамды ооруларын алып кетти.

Түштү дароо эжемдерге айтып бердим,
Атам эми оорубайт такыр дедим.
Китебимди сумкамды мен көтөрүп,
Мектебиме, сабагыма жөнөп кеттим.
Атамдын оорусу жоголгонго,
Жакшы түш көрүптүр деп жүрө бердим.

***Февраль 1970-жыл, Мырза-Аке кыштагы***

# АТАМА

Дайыма мен атам менен мактанам,
Атам менин балбан киши болчу.
Ак көңүлү кармап турган учурда,
Шоктонсом да эркелетип койчу.

Кээде ачуусу келгенде чатак эле,
Уруп ийчү колуна эмне тийсе.
Ошондуктан ачуусу келгенде алыс туруп,
Адатым бар эле качып ийме.

Бирок өтө берешен адам болгон,
Дасторконду салуучу өтө кенен.
Бирде келсе казы, бирде молдо, бирде тууган,
Калышчуу кээде конуп түнү менен.

Атаке, дайым эстейм сөзүңүздү,
«Акча, аял, кумардан алыс болгун» деген.
«Күрөшпө, эңишпегин эл көзүнчө,
Жалгызсын, эл назары түшөт» деген.

Атаке, насаатыңы туу тутамын,
Эр жетип армияга баратамын.
Буйруса, насип кылып Кудай колдоп,
Эл үчүн жеңиштерди жаратамын.

***Ноябрь 1971-жыл,***
***Өзгөн шаары***

## ЧЕТ ӨЛКӨДӨГҮ МЕКЕНДЕШКЕ

Өзгө жер канча жакса да,
Өз жериңдей боло албас.
Падыша болуп калсаң да,
Элиңдей мээрим төгө албас.

Замандаш, сага насаатым,
Мекениңди таштасаң.
Сени да элиң унутат,
Башканын эли эл болбойт,
Эртеби-кечпи курутат.

Замандаш, айтам мен сага,
Эртеби-кечпи кайтасың.
Элиңе жардам берсең сен,
Аброюңду сактайсың.

***Ош-Стамбул –Ош  2014-жыл***

## ОШ ШААРДЫК ЖОЛ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ АБДЫЛДАКУНОВ САТЫВАЛДЫГА

Жаштык кезде студенттик күндөрдө,
Курулуштук отрядда чогуу иштеп жүргөндө.
Сен элең го камкор бизди кампачы,
Шарт жаратып иштеп ойноп-күлгөнгө.

Окуп бүтүп тарап кетип туш жакка,
Ыйык мекен, элге кызмат кылмакка.
Кокусунан жолугушуп сураштык,
Иштейм дедиң жол куруучу тармакта.

Адал иштеп ак эмгектен көгөрдүң,
Карап турган аны сенин өз элиң.

Кайра куруу учурунда жумуш жоктон айласыз,
Россияда бир нече жыл иштедиң.

Достор таптың, жумуш таптың жакшы эле,
Бирок сага жетпей турду Ата Журтуң-мекениң.
Акырында жеңди сени мекенчилдик туюмуң,
Түшүндүң сен өз элиңе кызмат кылуу,
Адамдыктын туу чокусу экенин.

Ошко келип жол курууну баштадың,
Сага ыраазы айдоочулар, тегиз жолдо зымырайт.
Жол курууну сооп иш деп илгертен,
Аксакалдар, аалымдар да хадистерде сөз улайт.

Алтымышка толгон күнүң кут болсун,
Куттуктайбыз студенттик күндөрдөгү досторуң.
Дайым сенин үй-бүлөңө бакыт менен кут консун,
Кошо тилейт сенин курган жолдоруң.

***Ош шаары 24.04.2015-жыл***

## БАЙБИЧЕМ БЕГАЙГА

Мыкты чыкты менин алган аялым,
Жакшы өстүрүп уул-кыз-балдарын.
Мына бүгүн топтолушуп келишти,
Куттукташып апасынын майрамын.

Апасы да өз милдетин аткарып,
Турат дайым бүт балдарын башкарып.
Сый-урматты кадыр-баркты аздектеп,
Мына азыр бараткансыйт картайып.

Бүгүн мына көңүл буруп карасаң,
Уул-кызың баары орун табышты.
Ойлондурат сени дагы, мени да,

Бир Мирбектин бойдок бойдон калышы.

Биз каалайбыз жакшы тилек кылабыз,
Аллах колдоп Мирбек дагы үйлөнсүн.
Тойлор болуп, урук-тууган сүйүнүп,
Уулубузга ыймандуу кыз туш келсин.

Биз улгайдык насаат гана айтабыз,
Уул, кызым, иштей бергин өркүндөп.
Көз ирмемде өтүп кетет бул дүйнө,
Бул дүйнөгө түркүк болгон эч ким жок.

***Июль 2017-жыл***

## ДЕПУТАТ

Депутатты кыргызча,
Эл өкүлү деп коет.
Элге иштебес депутат,
Кенебей баарын жеп жутат.

Болоорунда депутат,
Убаданы беришет,
Болгондон кийин өз элин
Убара кылып келишет.

Жакшы болсо эл өкүл,
Элге жардам беришет.
Депутаттын көсөмү,
Көз көргөн жерди гана эмес.
Келечегин элинин,
Көкүрөк менен көрүшөт.

Дүйнөнү азыр карасак,
Караңгылык каптады.

Окубайт кээ бир депутат,
Бир менюдан башканы.

Өмүр, өлүм, аза, алкоо,
Үзөңгүлөшүп келишет.
Ушунун сезген өкүлгө,
Эл аянбай добуш беришет.

## НЕБЕРЕМЕ

Күндө мен неберемди көргөн кезде,
Өзүмдүн балалыгым түшөт эске.
Жаш баладай аны менен бирге ойноп,
Чарчаганым билинбейт иштеп кечке.

Жумуш иштеп кээде мен чалыкканда,
Неберем чоң дем  берет ойноп мага.
Неберемди сагынып куса болом,
Эгерде ал алыс жакка сапар алса.

## ЧЕТКЕ БАРЫП ОКУГАН ТАЛАБАЛАРГА

Ар жакка барып окутуп,
Билимдүүлөр көбөйдү.
Тарбия жок, ыйман жок,
Чектен чыгып, коркутуп.
Жаратты элге көйгөйдү.

Ошондуктан балаңа,
Бергин таза тарбия.
Ыйманды окуп тереңдеп,
Билим алсын керектеп.

Ыйман менен билимди,
Чогуу окуп үйрөнсө.

Ата-эненин бактысы,
Мындай жаштар көбөйүп,
Болсунчу элдин башчысы.

Ташбоор болсоң бирөөгө,
Аллах ошону  атаа кылат өзүңө.
Боорукер болсоң аяган,
Сени да аяйт Аллахым.
Турат айткан сөзүнө.

## САЯСАТЧЫЛАРГА

Саясат менен бийликке,
Оңой эле киресиң.
Ошентип сен акырын,
Көтөрүлүп жүрөсүң.
Бийликке жетсең ылдыйдан,
Бардыгың ачык көрүнөт.
Түшөйүн десең жандоочтор,
Түшпөгүн деп суранат.
Кийинчерээк сөгүнөт.

Байлык менен бийликтин,
Таасирин элге саласың.
Жандоочторду сактоону,
Саясаттан чыгууну,
Күндө ойлонуп каласың.

Эссен-аман чыксаң сен,
Жеңиш болот сеники.
Ыраазы болуп алкайсың,
Көтөргөн сени элиңди.

Чыгалбай калсаң кокустан,
Айыбыңды таап, ит кылат.

Акырында айтаарым,
Саясатчыны саясат гана жок кылат.

## ТИЛИМ БАРДА ЭЛИМ БАР, МЕКЕНИМ БАР, ЖЕРИМ БАР.

Кыргызды сактап келген,
Эне тили, үрп адаты, каада салты.
Теңир деп бир Кудайга сыйынышкан,
Өз тилинде кыргыз эли, каганаты.

Миңдеген согуштарда, кармаштарда,
Кыргыздын улуу эпос тарыхында, Манасында.
Кыргыз тилде ураан айтып, журт башкарып,
Кыргызым бийлеп келген Энее-Сайда,
Кокондо, Бээжинде, Таласта да.
Биз  тоолук, биз кыргызбыз, эркин өскөн,
Болобуз Расул Гамзатов айткан-«бүркүттөрдөн».
Шаңшыган тилибизди алмаштырсак,
Байлык үчүн, мансап үчүн, же жөн эле
көйрөңдөнүп башка тилге,
Анда кыргыз деген эл жоголот бул дүйнөдөн.

Көөдөнүн толтурбастан эне тилге,
Балаңа башка тилди үйрөтпөгүн.
Анткени көөдөн толсо башка тилге,
Баланын тили менен кошо дили кетет башка элге.

Тил болсо улут, мекен, ыйман болот, эл да болот,
Ыймандуу элди дайым Кудай колдойт.
Биздин эл акыйкатчы, калыс жана адилет эл,
Ошондуктан кыргыз тили эч жоголбойт.

## УУЛУМА КАТ

Башка жер мүмкүн жакшыдыр,
Сүйкүмдүү сенин өз жериң.
Окуп, билим алган соң,
Өз жериңе тез келгин.

Билимиңди колдонгун,
Элиңди сүрөп оңдогун.
Ошондо сен чыныгы,
Элдин уулу болгонуң.

Өнөрдү сен үйрөнгүн,
Деңизден акак тапканды.
Таштан жакут жасагын,
Тикенден гүл ачканды.

Эл чогулган жерлерде,
Жүйөөлүү пикир айтканды.
Пикириңди жактаган,
Пикирлешти тапканды.

Жыйынтык чыкса пикирден,
Каржы оңой табылат.
Оңдосоң элдин турмушун,
Элиң колдойт ар убак.

Отурган жерде оолугуп,
Ата тек менен көппөгүн.
Адамдардын акылын,
Адеби менен өлчөгүн.

# ЖЕМКОРЛУК
## (Коррупция)

Окусак эл тарыхын, санжыраны,
Манастыда, хадистерди, курандыда
Илгери өткөн эски замандарда,
Болбогон дейт жемкорлук бул ааламда.
Адамдар баары бирдей жашашкан дейт,
Ханы да, жакыры да ал заманда.

Түз сүйлөп, ийри отуруп билермандар,
Хандарды шайлашкан дейт эл биригип.
Ханыда, адилеттүү кызмат кылган,
Бар дүйнөсүн элге чачып, элин сүйүп.
Ошондон хан таламай салты калган.
Эмдигиче айтышат  аңыз кылып.

Эл бузуу, журтту бузуу шайтан иши,
Жемкорлук кызмат кылуу шайтан үчүн.
Жемкорлук бул оорусу хандын, бийдин,
Жемкорлук акыйкатты тануу менен жалган айтуу.
Жемкорлук чындыкты бетке айтпастан, элди алдап,
Эл дүйнөсүн топ-топ алып элден качуу.
Бийликте отурганда дайым эсте,
Жемкорлук элге душман, мага душман, сага
душман.
Жемкорлук бекти, бийди, ханды азгырып,
Жемкорлук нечен деген бий-хандардын башын
жуткан.
Жемкорлук бул ажыдаар  жети баштуу,
Дайыма элди алдап, өзү уткан.

Жемкорлук пайда болот, ыйман жоктон,
Ыймандуудан жемкорлук дайым корккон.
Жараткандан биз тилейли ыймандуулук,
Төбөлдөргө, бийлерге – элибизге башчы болгон.

Келсинчи бийликтерге жаштарыбыз,
Жүрөктөрү ыйман толуп, эл деп соккон.

*«Ош жаңырыгы» №32 23.07.2016-жыл*

## ӨЗГӨН ШААРЫ КАРА ЖОРГО МЕКЕНИ

Өзгөн шаар кооз жерде жайгашкан,
Себеби аны Карахандар тандашкан.
Оң жагынан Тар дарыясы бойлосо,
Сол жагына Жазы дарыя жайгашкан.

Душман келсе алыс жактан байкоого,
Үч дөбө чек катары орногон.
Кыйнап келет бир ой мени ар качан,
Эмнеге атын «Кароол дөбө» койбогон.

Карахандар согуш ыгын билишкен,
Душман келсе ылаачындай тийишкен.
Ошондуктан Озгон шаар аталып,
Калган элдер ага башын ийишкен.
Карахандар сүрдүү, күчтүү эл болгон,
Бардыгы тең кара жорго минишкен.
Кара жорго бийин бийлеп ырдашып,
Адеп менен жыргал өмүр сүрүшкөн.

Шаар алдынан жол салышкан дарыяга,
Душман келсе суу алууга же камоодо калбоого.
Мына быйыл «Маданият, адеп, ыйман жылында»,
Өзгөн шаарын изилдөөнү алалычы колдоого.

## ОШ ШААРЫМ

Ош шаары байыркы шаар, элим сүйгөн,
Ортодо Сулайман-Тоо байыр алган.
Пайгамбар эгин айдап өгүз менен,
«Ош» деген улуу аты шондон калган.

Шаарымды эки бөлүп, Ак-Буура аккан,
Ал дайра ташка урунуп көбүк чачкан.
Бул шаардын көркөмдүгү суктандырат,
Кокустан Ош шаарына келип калсаң.

Алыстан Ош шаарына көз жүгүртсөң,
Ортодо өркөчтөнгөн Буура жатат.
Бууранны көбүктөнүп дайра коштоп,
Тургансыйт Ак-Буура деп өзүн атап.

Шаардын көркөмдүгүн көрүү үчүн,
Бабурхан тоо бооруна үй салдырган.
Анан да сырдуу таштар, таш жазуулар,
Элимди, меймандарды таң калтырган.

Ош шаары жибек жолдун тоому болгон,
Согушчул Македонский да көңүл койгон.
Так Сулайман пайгамбардын батасынан,
Ачарчылык болсо  да элим тойгон.
Ош шаары тынчтык шаары, достук шаары,
Ынтымакта жашашат элим дагы.
Ош шаарым, өсө бергин өнүгө бер,
Кудай колдоп, дайыма кызыр даары.

***«Ош жаңырыгы»   11.02.2017-жыл.***

## МИЛИЦИЯ

Ата мекен ыйыктыгын сезишкен,
Өз өмүрүн керек болсо беришкен.
Ыйык тутуп мыйзамдарын элимдин,
Кылмышкерден журтун коргоп келишкен.

Кайырма:
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Кыргыз эли байыртадан баатыр эл,
Сакчыларды мыктылардан тандаган.
Мындай улуу бийик парзды аткарган,
Жигиттерге эл суктанып таң калган.

Кайырма:
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Ардагерлер акыл айтып үйрөткөн,
Милиция тайманбаган эр болот.
Элибиздин укуктарын коргоодо,
Милиция акыйкатты орнотот.

Кайырма:
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

***«Ош жаңырыгы», 17-июнь, 2017-жыл***

**ТАГДЫР**

Күн жылып, жашоо кызып,
Чабалекей эрте жазда уя салды.
Тынч гана уясында жашап жатса,
Таранчы күчкө салып тартып алды.

Чабалекей айланчыктап өз уясын чыркырады,
Алы жетпей, чырдашалбай кетип калды.
Таранчы тукумдады балапандар пайда болду,
Жашоосу өз нугунда өтүп жатты.

Ал үйдө жашоочу эле бир карт эне,
Бөпөлөгөн балдары алыскадыр кетип калган.
Абышкасы көп жыл мурда каза болуп,
Эски үйүндө ал энебиз жалгыз калган.

Капыстан таранчылар ойку-кайкы тынбай учуп,
Сайрап жатты кайгылуу жардам сурап.
Эне да чайын коюп таранчыны ээрчий басты,
Кудайым көрсөтпөсүн алааматты.

Таранчынын балапанын жутуу үчүн,
Кара чаар жылан акырын сойлоп бара жатты.
Жыланды урууга энеке эч нерсе таба албады,
Жылан да балапанга жетип калды.

Мына эми оп тартаарда балапанды,
Таранчы өзүн жыландын оозуна таштап салды.
Шашпастан жылан аны оп тартууда,
Ошол кезде эне да гөлөч менен уруп калды.

Урган гөлөч жыланга тийген да жок,
Бирок уя эне чымчык катуу келип урулгандан,
Талкаланып айванга кулап калды.
Балапандар өлгөн жок тирүү эле,
Эрмек кылып аларды энекебиз багып алды.

Күз келди, чымчык болгон балапандар кетпей койду,
Ошол кышта эне менен бирге болду.

Кийинки жыл келди эненин балдары,
Небереси бакма чымчык ойноду.
Энесинен угуп алып укмуштуу,
Жакты энеге, небереси шаарга кетпей койгону.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин да,
Бирге жашап небереси чоң энесин багууда.
Ата-энеси айласыздан өз баласын көрүүгө,
Дайым келип апасынан тынбай кабар алууда.

Окурман, мына далил Баба сөзү,
«Зордукчул зордукчуга жолугат»-деп.
Балапан аялуу зат эч күнөөсүз,
Жараткан берет анын ырыскысын.

Баласы кайра алыска сапар алды,
Энени небереси багып алды.
Тагдырдын буйругу бир Кудайдан,
Адам да маклук да моюндады.

## АЛТАЙ ХАКАСИЯДАГЫ КУСАЛЫК

Элимди мага эскертти,
Энесайдын бойлору,
Бабам Манас жүргөнсүйт
Хакас-Алтай жолдору,

Ээн талаада жайгашкан,
Ачык «Салбык» музейи,
Таштардан ал куралган,
Жүз тонна бери дегени.
Хакас-Алтай жеринде,

Кыргыздар жашап өткөн -дейт.
Калмак, кытай чабаарда,
Ала-Тоого кеткен дейт.

Манас Тоо, көлүн көргөндө,
Көзүмдөн жашым айланды.
Кетким келбейт ал жерден,
Эстесем үйгө кайтарды.

Ушулардын бардыгын,
Эстелик кылып сактаган.
Ыраазы болдум мен абдан,
Хакас-Алтай элине.
Убада бердим аларга,
Көргөнүмдүн бардыгын,
Айтамын деп элиме.

## ЧЕТ ЭЛДИК КУРСТАШКА

Дос элең, дос деп айтпадым,
Курсташ деп ырдай баштадым.
Келе албай жатып элиңе,
Жакпады сенин бийликке көзүң артканың.

Көп экен сенин досторуң,
Чиновник менен бизнесмен.
Башыңа иш түшпөсүн,
Таппайсың сен аларды,
Чырак менен издесең.

Студент кезде жөнөкөй,
Карапайым бала элең,
Жардам бер деп сабакка,
Суранып бара калчуусуң.
Сабагыңды даярдап,

Айтканды дароо аткарып.
Заматта чайды кайнатып,
Тилимди мыкы алчуусуң.

Эми көрсөм өзүңдү,
Баягы  мүнөз калбаптыр.
Дүнүйө менен бийлигиң,
Сени  өтө алдаптыр.

Ден соолукту сурасам,
Саясатты баштадың.
Ачыгын айтсам курсташым,
Бетиң  деле калбаптыр.

Мага баары коробка,
Ташыган деп мактандың.
Мен эчкимге кошомат,
Кылбадым деп актандың.

Эсиңден чыгып калыптыр,
Окууну эптеп бүткөнүң.
Аэропортто чоңдорду,
Түнү-күнү күткөнүң.

Кыргызга эмне кылдың деп,
Сурасам капа болбогун.
Али дагы кеч эмес,
Сен ошол жагын ойлогун.
Сен кыргызды таныпсың,
Башка элдин атуулдугун алыпсың,

Ага сен курсташ, мактанба,
Элим өзү кыйналып,
Чыккынчы менен тууганды,
Түшүнө албай жатканда.
Мен айтпай сага ким айтат,

Эми сага кеңешим,
Акылың, акчаң бар экен,
Кыргызга кайра келесиң.

Демөөрчүлүк кылып сен,
Курулуш куруп бересиң,
Ошондо калат кыргызда,
Түбөлүк сенин элесиң.

***Тайланд-Москва-Ош, февраль 2017-жыл.***

## ШИЛТЕМДЕР

Бактылуулук ыйман менен,
Сүйүү бекем ислам менен.
Аллах берген жашоо барктуу,
Адеп, илим, намаз менен.

Аракетчил болгон сен,
Жолуң ачык дайыма.
Жүүнүң бош болсо эгерде,
Адашып жолдон калдыңда.

Жүүнү боштук кылбагын,
Жашоонун сыры алдыда.
Өзүңдү өзүң оңдогун,
Элиңе көрүп камылга.

Күндө туруп эртелеп,
Эмгектенгин дайыма.
Ошондо сен жетесиң,
Каалаганыңдын баарына.

Кир менен кедейлик,
Терсаяктык бир жүрөт,
Мындай адамдарды,

Шайтан өтө сүйөт.

Эгер сен ыймандуу такыба болсоң,
Таза жүрсөң,
Бул дүйнөдө бактылуулук,
Акыретте бейиш күтөт.

Кесипкөйлүк каалоодон,
Байлык акылдуулуктан.
Адептүүлүк тарбиядан,
Атактуулук абийирден.
Бактылуулук ыймандан.

Кыска ойлуу, кыска ойлууну самайт,
Өзүнө өзү акылдуудай карайт.
Кыска адам кысканы самайт,
Өзүнө өзү  узун бойлуудай карайт.

Балаңа арам тамак берсе жей берет,
Кийин сени, элин уялткан мерез болот.
Ал эми аруу тилек менен  адал тамак берсең,
Ал ыймандуу сага, элине керек болот.

Камгак үйлөй албаган эркек,
Кээде үйдө катын коркутат.
Сабырдуу аял ага чыдап,
Ширин сөз менен жооткутат.

Компьютерди жакшы билген жигит,
Туура колдонсо  элдин керегине жарайт.
Ой келди, ыймансыз малыматтарды көрсө,
Эртеби-кечпи уят болуп жер карайт.

Замандаш, өмүрүң өтөт экен, кетет экен,
Аллахты сүйө албасаң.
Бул дүйнөдө жашоо бекер экен,

Ыйман тутуп жыйнасаң сооптордү,
Акыретте Бейишти бир көрүүгө жетээр бекен.

Өлкөгө пайда келтирсең,
Сага дайым сыймык, даңк.
Эгер зыян келтирсең,
Кечирим сурап, жаза тарт.

Дүнүйөгө кызмат кылсаң сен,
Топтойм деп жүрүп өлөсүң.
Аллахка кызмат кылсаң сен,
Эки дүйнө рахатын көрөсүң.

Жыл өткөн сайын акырын,
Өлүмгө жакын барасың.
Өлдүң, кыяматың башталат,
Сага жаайт суроолор,
Жоопту кантип табасың?

Бирөөнү туура жолго баштадыңбы,
Үй-бүлөңө ыйман жолун айтпадыңбы.
Же ыйман жолун толук айтпай,
Баарын сен ара жолго таштадыңбы.
Ошондуктан өзүңө суроо бергин,
Азыртан жообуңду тактадыңбы?

Билим алгын, дүйнө терең океан,
Өтүү үчүн такыба кеме керек.
Азыртадан акыретке даярдангын,
Куранда айткандарды жасоо керек.

Акыретке даярдан,
Өлүмдү көп ойлогун.
Сооп ишти көп кылгын,
Күнөөгө жол койбогун.
Билимди сен алган соң,

Билимиңди пайдалан.
Билбесең пайдаланганды
Жакшыраак болот деп ойлойм.
Билими жок жарды адам.

Билбей калат мени деп,
Адамда эч бир алдаба.
Эмне дейсин Аллага,
Акыретке барганда.

Түрмөгө түшсөң кокустан,
Мыйзамы катуу өзгөчө.
Аргасыз айбан болосуң,
Түрмөгө өзүң көнгөнчө.

Керек болсоң аялга,
Көгүчкөндөй эркелейт.
Кереги жок болгондо,
Иттей кылып жемелейт.

Иттерди бурчка такасаң,
Коркконунан кабышат.
Жоону бурчка такасаң,
Аргасыздан чабышат.

Жаманды жаман дей берсең,
Ал оңолуп кетпейт.
Мактап ага жардам берсең,
Ал деле жакшы жашоону эңсейт.

Кээде сени караласа капа болбо,
Адамдар өзү кызыкпыз.
Ак кагазга кара точка койсо,
Кагазды көрбөй, эмне көрдүң десе,
Кара точканы сызыппыз.

Күнөөлүдө жыт болсо,
Сасымакпыз күн-түнү.
Аллахка миң мертебе ыраазымын,
Жыты жок кылып койгон күнөөлүнү.

Жакшылыкка кылбагын акы талап,
Акы алсаң сага эки дүйнө азап.
Акы албастан чын дилиңден жардам берсең,
Аллах берет акысын чексиз каалап.

# 3-БЪЛ/К

# ОБОНДУУ ЫРЛАР

# Милиция

Сөзү Маматибраим Самиевдики,
обону Маматибраим Бостонкуловдуку



Өз мекендин ыйыктыгын сезишкен,
Өз өмүрүн керек болсо беришкен.
Ыйык тутуп мыйзамдарын элимдин,
Кылмышкерден журтун коргоп келишкен.

**Кайырма:**
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Кыргыз эли байыртадан баатыр эл,
Сакчыларды мыктылардан тандаган.
Мындай улуу бийик парзды аткарган,
Жигиттерге эл суктанып таң калган.

**Кайырма:**
Милиция бейпилдикти сактаган,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Ардагерлер акыл айтып үйрөткөн,
Милиция тайманбаган эр болот.
Элибиздин укуктарын коргоодо,
Милиция акыйкатты орнотот.

**Кайырма:**

# Ыйман ырын ырдайлы

Сөзү Маматибраим Самиевдики,
обону Маматибраим Бостонкуловдуку



## ЫЙМАН ЫРЫН ЫРДАЙЛЫ

Ыйман, адеп бирге коштоп жүрүшөт,
Алар бирге маданият түзүшөт.
Өзүң дайым жакшылыкка башатсың,
Дүйнөдөгү илимдердин тазасы,
Эки дүйнө бактылуулук ачкычы,
Адилеттин, тазалыктын баскычы.

Ата-баба ыйык тутуп ыйманды,
Кыргыз эли байыртадан мусулман.
Ата-энесин, улууларын урматтап,
Ислам динин салт катары тутушкан.
Кары-жашы, бийи, ханы, балдары,
Аалымдардын насааттарын угушкан.

Кыргыз эли, ар улуттуу адамдар,
Аманатта кыянаттык кылбаган.
Меймандостук өсүп-өнүп, өркүндөп,
Жолоочуну өз, тууган деп сыйлаган.
Акын менен ырчылары жар салып,
Ыйман ырын күнү-түнү ырдаган.

Жаштар келет ыйман, адеп тыңдашып,
Карыларын урматташып, сыйлашып.

# Мазмуну

Башкы сөз ордуна…………………………………………… 4

**1-Бөлүм**

**Ыйман, адеп, маданият тууралуу түшүнүк** 4

Ыйман……………………………………………………… 5

Ыйман ырын ырдайлы……………………………….. 7

Адеп………………………………………………………… 8

Убада……………………………………………………… 11

Келишим…………………………………………………… 12

Жакшы кулк мүнөз………………………………… 13

Жакшы сыпат……………………………………….. 14

Калп………………………………………………………… 16

Чынчылдык……………………………………………….. 18

Аманат……………………………………………………… 19

Карыз………………………………………………………… 21

Ниет…………………………………………………………… 22

Садага……………………………………………………… 22

Тил………………………………………………………….. 23

Мээримдүүлүк………………………………………… 24

Сүткор………………………………………………………… 27

Ушак……………………………………………………….. 27

Адам болуу аста-аста……………………………… 28

Уяттуулук…………………………………………………….. 32

Ынтымактуулук………………………………………… 33

Жакшылык………………………………………………… 34

Эл менен бол………………………………………………… 35
Дос……………………………………………………………… 35
Текеберлик……………………………………………………… 36
Эмгек…………………………………………………………… 37
Мээрим…………………………………………………………. 37
Илим-билим…………………………………………………… 38
Күнөө-сооп…………………………………………………… 39
Тууган………………………………………………………… 42
Кошуна………………………………………………………… 42
Ыймандуулар………………………………………………… 43
Жетекчи……………………………………………………… 44
Бала…………………………………………………………… 45
Ата-эне………………………………………………………… 47
Ардактуу болом десең………………………………………… 47
Кайдыгерлик…………………………………………………… 48
Үшкүрүү.................................................................................... 49
Маданият……………………………………………………… 49
Үй-бүлө………………………………………………………… 50
**2-Бөлүк** 51
**Арноолор, каалоолор жана шилтемдер** 51
Ленин атындагы сегиз жылдык мектептин
дубал гезити…………………………………………………… 52
Апама…………………………………………………………… 53
Атама…………………………………………………………… 54
Чет өлкөдөгү мекендешке…………………………………… 55

Ош шаардык жол башкармалыгынын башчысы Абдылдакунов Сатывалдыга………………………… 55
Байбичем Бегайга………………………………………… 56
Депутат……………………………………………………. 57
Небереме………………………………………………….. 58
Четке барып окуган талабаларга………………………… 58
Саясатчыларга……………………………………………… 59
Тилим барда элим бар, Мекеним бар, жерим бар……… 60
Уулума кат………………………………………………… 61
Жемкорлук (Коррупция)………………………………… 62
Өзгөн шаары Кара Жорго мекени……………………….. 63
Ош шаарым……………………………………………….. 64
Милиция………………………………………………….. 65
Тагдыр…………………………………………………… 66
Алтай Хакасиядагы кусалык…………………………….. 67
Чет элдик курсташка…………………………………… 68
Шилтемдер………………………………………………… 70

**3-Бөлүк**

**Обондуу ырлар** 75
Милиция …………………………………………………… 76
Ыйман ырын ырдайлы……………………………….. 78

Самиев Маматибраим

**Ыйман ырын ырдайлы**

Ыйман, адеп, маданият жана арноолор.

Редактор:  Т. Жороев.
Корректор: Исмаилова. Б.
Тех. Редактор: Тойчубаев А.А.
Дизайнер: Ыкыбал у Э.
Жыйнаган жана компьютерге салган:   М. Имитова

Басуугa:  05.08.2017-жылы  кол коюлду.
Кагаздын форматы 60Х84 1/16 Көлөмү 5,25 басма табак
Нускасы: 500
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү  236.

Тел.: моб +996 779 77 77 89, 0778 50 04 88